# Поезд менен учканда



Автор: Үмүт Айтбаева

Сүрөтчү: Айсулуу Алиева

# Поезд менен учканда

Автор: Үмүт Айтбаева
Сүрөтчү: Айсулуу Алиева

Кыргыз тилинде
Бишкек - 2023

Copyright © 2023, Бул чыгарма Creative Commons Attribution 4.0 Эл аралык лицензиясы (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/) боюнча лицензияланган.

http://creativecommons.org/licenses/by/4.0/
Бул ишти коммерциялык максаттарда колдоно аласыз. Бул чыгарманы адаптациялап, толуктай аласыз. Авторлордун, иллюстраторлордун ж.б. автордук укугун жана өздүк маалыматтарын сакташыңыз керек.

"Поезд менен учканда" (кыргыз тилинде), автор Үмүт Айтбаева, сүрөтчү Айсулуу Алиева

Бул басылма АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) аркылуу көрсөтүлгөн Америка элинин колдоосу менен түзүлдү. Басылманын мазмуну USAIDдин же АКШ Өкмөтүнүн пикирин милдеттүү түрдө чагылдырбайт.

Created with Bloom



– Көңүл бургула! Көңүл бургула! Поезд беш мүнөттөн кийин жөнөйт.

Арсен, Айнура, Бекзат жана Айзат ата-энеси болуп Балыкчыга поезд менен жол тартышты.

– Качан жетебиз? Канча жүрөбүз?

– Шаардан жаңы эле чыгып баратабыз, шашпагыла, – деп атасы колуна китебин алды.

– Ойногум келип жатат, – деди Бекзат.


– Поезддин ичинде ары-бери басып ойноо кооптуу, балдарым, – деди апасы.

– Келгиле, чогуу отуруп ойнойбуз, – деп Айнура бөбөктөрүнө кайрылды.

– Кандай оюн? Эмне кылабыз?

– Поезддин терезесинен карап, аймактардын аталыштарын кроссвордго толтуруп жазабыз.

Айнура сумкасындагы жалтырак түркүн түстүү калем саптарын бөбөктөрүнө бирден таратып берди.






– Сонун! Анда баштайлы, – деп терезени жабыла тиктеп калышты.

– Чайга салсак, таттуу болот. Бул кайсы шаар? Жол боюндагы жазууну карап жүрсөңөр, табасыңар.

– КАНТ.

– Эмки айылдын аталышы кең бурч дегенди түшүндүрөт.

– Тигине, тигине КЕҢ-БУЛУҢ деген жазуу.

– Мурунку Баласагын шаарынын азыркы аталышы кандай?
“Т” тамгасынан башталат?

– ТОКМОК.

– Бул шаарда Бурана мунарасы бар. Ал – байыркы замандан калган тарыхый эстелик.

– Каникулда Буранны көрүп келсек болобу? – деп Арсен сурады.

– Ооба, чогуу барып келебиз. Ал жакта кызыктуу музей да бар.



– Келгиле, уланталы. Бул айылдын аталышы, душмандардан сактануу үчүн салынган бекем дубал дегенди түшүндүрөт экен.

– ЧЫМ-КОРГОН.


“Мен биринчи окудум”, “Жок, мен” деп балдар оюндун кызыгына батышты.

– Эмки райондун чоңу да, кичинеси да бар. Аты “К” тамгасынан башталат.

– КЕМИН.

– Бул жерде Шабдан баатыр төрөлгөн. Ал кыргыз элинин биримдиги үчүн күрөшкөн акылдуу башкаруучу болгон, – деп Арсен көз айнегин оңдоду.

Андан ары зуулдаган поезд тоолорду бойлой жолун улай берди. Ташкындаган Чүй дарыясы поездге карама-каршы агып жатты.





– Көптөгөн жаныбарлар, түрдүү куштар мекендеген төрт тамгалуу капчыгайдын атын ким табат?

– БООМ.

– Ой-ий, өйдөдөн унаа өткөн жол сойлоп бараткан жыландай көрүнөт экен, карагылачы, – деди Айзат.

– Силер билесиңерби, Боомдон эң биринчи машина 1928- жылы биринчи поезд 1948-жылы Бишкектен Балыкчыга жөнөгөн, – деди атасы.



– Кыпкызыл жар! Сыйкырдуу жерге окшош го, – деп Бекзат таңыркады.

– КОНОРЧОК каньону, тигил жерде чоң тамгалар менен жазылып турат, – деп Айзат күлмүңдөдү.

– Бул жер Марс планетасына окшошуп кетет экен. Мен энциклопедиядан ушундай кызыл жардын сүрөтүн көргөм, – деди Арсен таң калыштуу формадагы жарларга суктана карап.

Поезд күшүлдөп барып, тыныгууга токтоду.

– Балдар, бул айыл 1951-жылы Бишкек – Балыкчы темир жолун тейлеген кызматкерлер үчүн курулган. Кыргызстандагы эң кичинекей айыл, аты абдан кызыктуу экен. Кимиңер биринчи кроссвордго жазасыңар?

– Мен биринчи көрдүм.

– КЫЗ-КҮЙӨӨ, – деп Айзат кроссвордго жазды.



– Кезектеги жер Чүй менен Ысык-Көлдүн чек арасы болуп эсептелген көпүрө. Биринчи көпүрө 1873-жылы курулуптур.

– Бул – КЫЗЫЛ-КӨПҮРӨ.

Чу дарыясын бойлоп, поезд зымырап жолун улады. Андан ары күшүлдөп, чычырканактуу, Чүй менен Ысык-Көлдү байланыштырып турган айыл КӨК-МОЙНОКту басып өттү.

Ошентип, Ысык-Көлгө дарбаза болуп ачылган БАЛЫКЧЫ шаарына дуу-дуу этип келип токтоду.

– Ата, апа, поезд менен учуп келип калдык окшойт. Тез эле жеттик, – деп балдар сүйүнүп секирип жатышты.

– Тигине, көлдү көрүп жатам. Жүргүлө, тезирээк жээкке баралы.

Балдар ата-энеси менен кызыктуу сапарга чыгып, Кыргызстандын кооз жерлерин өз көздөрү менен көрүштү.

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ
МИНИСТРЛИГИ

USAID
АМЕРИКАНЫН ЭЛИНЕН

Автор: Үмүт Айтбаева
Сүрөтчү: Айсулуу Алиева

USAIDдин "Окуу керемет!" долбоору
Кыргыз Республикасы

| | |
|---|---|
| 1-класс | 1.1 деңгээли |
| | 1.2 деңгээли |
| | 1.3 деңгээли |
| 2-класс | 2.1 деңгээли |
| | 2.2 деңгээли |
| 3-класс | **3.1 деңгээли** |
| | 3.2 деңгээли |
| 4-класс | 4.1 деңгээли |
| | 4.2 деңгээли |